Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университети
(Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети)

К.10.09.385 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ

Кол жазма укугунда
УДК 894.341:808:808.03

Калиева Каныкей Акимовна

# КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫН АНГЛИС ТИЛИНЕ КОТОРУУДАГЫ ЛИНГВОПОЭТИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕР

Адистиги: 10.02.20 - тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын
АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек - 2010

Диссертациялык иш Кыргызстан Эл аралык университетинин Чет тилдер институтунда аткарылды.

| | |
|---|---|
| Илимий жетекчиси: | филология илимдеринин доктору, доцент Караева З. К. |
| Расмий оппоненттер: | филология илимдеринин доктору, профессор Маразыков Т.С. филология илимдеринин кандидаты, доцент Козуев Д.И. |
| Жетектөөчү мекеме: | америка таануу жана кыргыз тили кафедрасы, Орто Азиядагы Америка университети (АУЦА). |

Диссертациялык иш 2010 – жылы 27 – майда, саат 13.00, Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинде (Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети менен бирдикте) филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча К.10.09.385 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Киевская көчөсү 44.

Диссертациялык иш менен Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин (Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети) илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Киевская көчөсү, 44.

Автореферат 2010–жылдын 26 - апрелинде таркатылды.

К.10.09.385 Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, филол.и.к., доцент О.С. Абдыкаимова



## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Көркөм чыгармага лингвопоэтикалык анализ жүргүзүү – тил илиминдеги жана адабият таануудагы актуалдуу жана орчундуу маселелердин бири. Диссертацияда жүргүзүлгөн лингвопоэтикалык анализ аркылуу кыргыз аялдар поэзиясында пайдаланылган чыгарманын өзгөчөлүгүн, кайталанбастыгын аныктай турган фонетикалык, лексикалык, грамматикалык стилистикалык мүнөздөгү лингвистикалык каражаттардын тексттин идеялык-көркөм мазмунун ачуудагы аткарган ролу жана алардын коннотативдик деңгээлде которулуш жолдору аныкталат.

Изилдөөгө алынып жаткан кыргыз аялдар поэзиясы XX кылымдын 30 - жылдарынан баштап жаңы багытта жазуу түрүндө өнүгө баштаган. Алар стили, ыр түзүүдөгү тилдик каражаттарды колдонуу өзгөчөлүктөрү, көркөм салыштыруулары, күтүлбөгөн метафоралары жана философиялык көз караштары менен айырмаланышат. Жалпы эле поэтикалык стиль образдуу-эстетикалык табияты менен башка стилдерден өзгөчөлөнүп турат.

Кыргыз ырларын англис тилине которуу өзгөчөлүктөрү, которуу ыкмаларын иштеп чыгуу, котормодо колдонулган трансформацияларды изилдөө жана аларды колдонуу себептерин ачып көрсөтүү, котормо жолдоруна мүнөздөмө берүү, түп нускага жана анын котормосуна лингвопоэтикалык, лингвостилистикалык жана семиотикалык анализ жүргүзүү, котормонун экстралингвистикалык жана функционалдык стилистикалык факторлорун аныктоо максатында изилдөөнүн *теоретикалык-методологиялык негизи жана илимий булактары* катары көптөгөн окумуштуулардын эмгектери колдонулду. Лингвопоэтикалык талдоо боюнча В.Я. Задорнова, А.А. Липгарт, көркөм чыгармаларды которуудагы лингвистикалык, экстралингвистикалык, семиотикалык өзгөчөлүктөр жана котормочулуктун теоретикалык-методологиялык маселелери боюнча З. Караева, кыргыз тилиндеги көркөм чыгармаларга лингвопоэтикалык талдоо жүргүзүү боюнча Б. Усубалиев, котормо илиминин теориясынын негизинде поэтикалык чыгармаларды которуу маселелери боюнча Л.С. Бархударов, В.Н. Комиссаров, Т.А. Казакова, Я.И. Рецкер, П. Ньюмарк, М. Лозинский, Ю. Найда, А.Д. Швейцер, ж.б. окумуштуулардын эмгектери пайдаланылды.

Котормонун семиотикалык аспектиси, тексттти интерпретациялоо, функционалдык стилистика боюнча: Ч. Моррис, Ч. Пирс, Ф. де Соссюр, В.В. Виноградов, О.С. Ахманова, Г.О. Винокур, И.В. Арнольд, И.Р. Гальперин, В.Н. Крупнов, Б.М. Левицкая, ж.б. илимий эмгектери, ошондой эле кыргыз тилиндеги көркөм чыгармаларды изилдөөчүлөрдүн: Т.С. Маразыков, Т. Ашырбаев, С.Ж. Мусаев, Б. Усубалиев жана котормо таануу илиминдеги: З. Караева, А.Джолдошбеков, Ч.Т.Жолдошева, В.Шаповалов, ж.б., тектеш эмес тилдердеги грамматикалык, синтаксистик өзгөчөлүктөр боюнча А.А. Бекбалаев, З.К. Дербишева, Ч.К. Найманова, ж.б. окумуштуулардын илимий эмгектери пайдаланылды.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу** поэтикалык чыгармаларды алгачкы жолу кыргыз тилинен англис тилине которуу менен кыргыз аялдар поэзиясына жана алардын котормолоруна лингвопоэтикалык иликтөө жүргүзүлүп, котормо

категорияларын илимий курал катары пайдалануу менен поэтикалык тилдин функционалдык-стилистикалык, семиотикалык өзгөчөлүктөрү, лингвистикалык жана экстралингвистикалык релеванттулуктардын котормого тийгизген таасири атайын илимий деңгээлде изилденгендиги менен түшүндүрүлөт.

**Изилдөөнүн объектисин** кыргыз аял акындарынын англис тилине которулган чыгармалары түзөт.

**Изилдөөнүн предмети** – чыгармадагы колдонулган фонетикалык, лексикалык, синтаксистик стилистикалык көркөм сөз каражаттары, троптор, фигуралар жана аларды которуу жолдору, которууда адекваттулукка жетишүү үчүн зарыл болгон экстралингвистикалык факторлор, чыгарманын негизги идеясын берүүдө колдонулган семиотикалык элементтер болуп саналат.

**Изилдөөнүн негизги материалына** 1930-1970-жылдардан баштап элге белгилүү болуп чыга баштаган кыргыз аял акындары: Н. Жетикашкаева, Н. Жүндүбаева, З. Сооронбаева, Т. Адышева, С. Абдыкадырова, М. Буларкиева, Ж. Тынымсейитова, М. Абылкасымова жана Г. Момунованын (которгон Калиева К.А.) жана Т.Адышеванын (которгондор Калиева К.А., Караева З.К.) англис тилине которулган чыгармалары алынды.

**Изилдөөнүн максаты** – лингвопоэтикалык анализ жүргүзүү аркылуу көркөм чыгарманын тилин, поэтикалык тилдеги көркөм сөз каражаттарынын тексттеги ордун, идеялык маанисин иликтөө; котормонун экстралингвистикалык, функционалдык-стилистикалык жана семиотикалык аспектилерин изилдөө; поэтикалык тилдин эстетикалык функциясын ачып берүү; тектеш эмес эки тилдеги ыр түзүлүштөрүнүн стилистикалык өзгөчөлүктөрүн, алардын жалпылык менен айырмачылыктарын белгилеп көрсөтүү; котормо жолдоруна мүнөздөмө берүү.

Изилдөөнүн максатын жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгү **милдеттер** коюлган:
- лингвопоэтикалык анализ жүргүзүүнүн конкреттүү методикасын, методологиясын, теоретикалык негизин иштеп чыгуу жана котормо категорияларынын жардамы менен котормодогу лингвопоэтикалык бирдиктердин өз ара байланышын көрсөтүү;
- поэтикалык чыгармада колдонулган көркөм сөз каражаттарынын жана стилистикалык ыкмалардын өзгөчөлүктөрүн, тилдик бирдиктердин тексттин идеялык-көркөм мазмунун ачып берүүдөгү аткарган кызматын, карым-катышын көрсөтүү;
- поэтикалык тилдин спецификалык өзгөчөлүктөрүн, анын эстетикалык функцияга ээ болушунун себептерин, тилдик бирдиктердин поэтикалык тилге тийгизген таасирин жана функционалдык аткарган кызматын аныктоо;
- тектеш эмес тилдердеги поэзияны которуунун эффективдүү жолдорун табуу жана котормонун техникасын иликтөө, көркөм чыгарманы коннотативдик деңгээлде которуудагы стилистикалык каражаттардын мүнөзүн ачып берүү;
- лингво-поэтикалык-котормо-категорияларын (ЛПКК) ишке ашыруу жана алардын негизинде поэтикалык котормонун лингвистикалык жана экстралингвистикалык табиятын аныктоо;
- чыгарманын түп нускадагы жана котормодогу тилдик бирдиктерине семиотикалык деңгээлде талдоо жүргүзүү;



- көркөм чыгармаларга комплекстүү филологиялык лингвопоэтикалык анализ жүргүзүү аркылуу лингвопоэтиканын табиятын аныктоо.

**Изилдөөнүн методдору** катары поэтикалык тексттин идеялык маанисин ачып берүү үчүн лингвопоэтикалык, лингвостилистикалык, компоненттик анализ жүргүзүү, семантикалык-семиотикалык, тарыхый, маданий, типологиялык-салыштырма методдору, сыпаттама, статистикалык анализдөө, моделдештирүү, контекстуалдык анализ, трансформациялык методдору колдонулду.

**Иштин илимий жаңылыгын** – кыргыз поэзиясын алгачкы жолу англис тилине которуу менен чыгармалардын идеялык-тематикалык маанисин ачуу максатында котормолорго лингвостилистикалык, экстралингвистикалык, семиотикалык, функционалдык стилистикалык иликтөөлөрдү камтыган лингвопоэтикалык анализ жүргүзүү, тектеш эмес эки тилдеги структуралык жана мааниси жагынан жалпылыктардын жана айырмачылыктардын негизинде поэзияны англис тилине эстетикалык кооздугун, тилдик бирдиктердин аткарган кызматын сактоо менен коннотативдик деңгээлде адекваттуу которуу жолдорун изилдөө негиздейт.

**Илимий иштин теориялык маанисин** котормонун семантикалык, денотативдик, коннотативдик, прагматикалык, семиотикалык аспектилеринин көркөм котормого тийгизген таасирин изилдөө түзөт. Котормолорго лингвопоэтикалык, лингвостилистикалык, экстралингвистикалык жана семиотикалык, функционалдык стилистикалык иликтөөлөрдү теориялык негизде жүргүзүү менен кыргыз ырларын англис тилине которуу өзгөчөлүктөрү биринчи жолу теориялык деңгээлде изилденип жатат.

**Илимий иштин практикалык мааниси** – диссертациялык иштеги фактылык материалдарды, жоболорду практикалык окутуу процессинде, кыргыз жана англис тилдерин үйрөнүүдө, жогорку окуу жайларындагы “Стилистика”, “Семиотика”, “Семантика”, “Котормо таануу”, “Лингвопоэтика”, “Котормонун теориясы жана практикасы” сабактары боюнча котормочулук багыттагы практикалык программалык материалдарды өздөштүрүүдө жана көркөм которуунун практикалык маселелерин терендетип изилдөөдө пайдаланса болот. Изилдөөнүн материалдары аркылуу тектеш эмес тилдердеги поэзияны которуудагы экстралингвистикалык факторлордун окурманга тийгизген таасирин практикалык жактан көрүүгө болот. Келечекте кыргыз тилинен англис тилине которгон изилдөөчүлөргө, котормочуларга зарыл булак боло алат.

**Коргоого сунуш кылынган жоболор:**
- лингвопоэтикалык анализ филологиялык анализдин бир бөлүгү катары фонетикалык-фонологиялык, морфологиялык, лексикалык, синтаксистик, тексттик жана семиотикалык деңгээлдеги стилистикалык каражаттардын жыйындысын камтып, поэтикалык тилдин, стилистикалык ыкмалардын жана экспрессивдик каражаттардын көркөм чыгармадагы ордун, аткарган функционалдык, эмоционалдуу-экспрессивдик кызматын, тексттин идеялык мазмунун ачып көрсөтүүдөгү ролун аныктоо үчүн жүргүзүлөт;
- тектеш эмес тилдердеги тилдик бирдиктердин стилистикалык коннотацияларын талдоо түп нускадагы жана котормо тилдеги ыр түзүлүштөрүнүн тилдик спецификалык өзгөчөлүктөрүн аныктоого жана аларды эффективдүү которуу жолдорун иштеп чыгууга мүмкүндүк берет;

- лингвопоэтикалык талдоонун негизинде тилдин көркөм чыгармадагы орду функционалдык стилистикалык аспектте (сүйлөшүү, маалымат берүү, **таасир берүү**) изилденет, мында түп нускадагы эстетикалык функцияны, көркөм образды котормодо адекваттуу жеткирүү жолдорун иштеп чыгууга шарт түзүлөт;
- котормонун семиотикалык элементтерине талдоо жүргүзүү аркылуу көркөм чыгармадагы сөз каражаттарынын денотативдик, логикалык-предметтик жана коннотативдик маанилери менен бирге коомдун өзгөчөлүгүн, маданиятын, психологиясын, тарыхын, социалдык жашоосун камтыган семиотикалык белгилердин котормого тийгизген таасири каралат;
- лингвистикалык жана экстралингвистикалык релеванттуулуктардын маанисин лингво-поэтикалык-котормо категорияларынын негизинде изилдөө аркылуу котормо тилдин көркөм сөз каражаттары менен түзүлгөн образ, анын түпкү мазмундук бирдиги, стили жана эстетикалык касиети жана баалуулугу кандайча сакталып берилгендиги изилденет.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы** кыргыз тилиндеги поэтикалык чыгармаларды англис тилине которуу менен котормо жолдорун системалаштыруу, поэзияны которуу өзгөчөлүктөрүн иштеп чыгуу, тектеш эмес тилдерди салыштыруу үчүн комплекстүү лингвопоэтикалык изилдөө жүргүзүү, котормочулук трансформациялардын түрлөрүн чыгармалардын котормолорунун негизинде көрсөтүп берүү менен аныкталат.

**Илимий иштин апробацияланышы.** Темага байланыштуу макалалар жогорку окуу жайларда өткөрүлгөн тил жана котормо таануу илимин өнүктүрүүгө арналган республикалык, эларалык конференцияларда, симпозиумдарда, илимий-теориялык семинарларда талкууланып, илимий журналдарда жарык көргөн. Кыргыз тилинен англис тилине которулган котормолор жыйнактары басылып чыккан.

**Илимий иштин түзүлүшү** кириш сөздөн, эки главадан, корутундудан, колдонулган адабияттардын жана адабий булактардын тизмесинен турат.

## ИЛИМИЙ ИШТИН МАЗМУНУ

Киришүүдө изилдөөгө алынган теманын актуалдуулугу, изилдениш абалы, иштин максат - милдеттери, илимий жаңылыгы, илимий теориялык жана практикалык мааниси, методологиялык негиздери менен методдору жана коргоого коюлган маселелер берилген.

Диссертациянын **I главасы "Поэзияны которуунун лингво-стилистикалык аспектиси"** деп аталып, коюлган максат-милдеттерге ылайык бөлүктөрдөн турат. Поэзияны которуу лингвостилистикалык аспектте кандайча изилденип келаткандыгы, поэтикалык тексттердин тилдик каражаттары жана аларды которуу жолдору сыяктуу олуттуу маселелер изилдөөгө алынат, стилистикалык көркөм сөз каражаттары, алардын тексттеги орду, чыгарманын идеялык маанисин, эстетикалык таасир берүүсүн жеткирүүдөгү аткарган функциясы жана аларды которуу жолдору изилденет. Анда кыргыз жана англис тилиндеги ырлардын түзүлүш айырмачылыктары, фоностилистикалык каражаттардын кыргыз поэзиясындагы жана котормодогу өзгөчөлүктөрү лексикалык, синтаксистик каражаттар жана аларды которуу жолдору териштирилген. Талдоого алынган стилистикалык көркөм сөз каражаттары:



| Фонетикалык (Дабыш, эвфония) | Лексикалык (Образ, элес) | Синтаксистик (Структурасы) |
|---|---|---|
| *1. Ономатопея: Дабыш/Элес/Туюм тууранды сөздөр;*<br>*2. Аллитерация;*<br>*3. Рифма (уйкаштык);*<br>*4. Ритм (ыргак).* | *1. Метафора;*<br>*2. Метонимия;*<br>*3. Эпитет;*<br>*4. Салыштыруу.* | *1. Кайталоолор: Анафора, Эпифора, Анадиплосис, Татаал, Жөнөкөй, Тавтологиялык;*<br>*2. Параллелизм;. 3. Хиазм;*<br>*4. Антитеза; 5. Инверсия;*<br>*6. Риторикалык суроо.* |

Лингвистика жана адабият – бүгүнкү күндөгү филологиянын башкы маселелеринин бири. ***Лингвопоэтика*** өз алдынча филологиялык дисциплина катары тил жана көркөм адабият таануунун тогошуусунда/чегинде туруп эки илимди байланыштырып турган тил илими. Лингвопоэтикалык анализ тексттин жана стилистикалык ыкмалардын лингвопоэтикасы болуп эки багытта жүргүзүлөт. Анын негизги маңызы – лингвистикалык методдор менен тилди иликтөө аркылуу чыгарманын эстетикалык таасирин түшүндүрүү жана адабий жалпылоого алып келүү. Лингвопоэтиканын багыттары боюнча В.Я. Задорнова "лингвопоэтика - көркөм чыгармадагы колдонулган тил каражаттарынын жыйындысы аркылуу автор окурманга айтайын деген идеялык-көркөм оюн жеткирүүдө маанилүү, зарыл курал болгон *эстетикалык таасир берүүнү* камсыз кылуучу филологиянын өзгөчө бөлүгү" деп аныктаган.

Лингвопоэтиканын башталгыч этабы жана ажырагыс бир бөлүгү катары лингвостилистика тилдик бирдиктер, стилистикалык каражаттар көркөм чыгармада кандай колдонулганын жана алар кандай эмоционалдык-экспрессивдик, эстетикалык мааниге ээ экендигин аныктайт. Биз лингвопоэтика жаатындагы окумуштуулардын ой-пикирлерин, жыйынтыктарын жетекчиликке алуу менен, диссертациялык иште лингвопоэтикалык анализди төрт багытта жүргүздүк: *лингвостилистикалык; экстралингвистикалык; функционалдык-стилистикалык; лингво-семиотикалык.*

**Лингвостилистикалык анализ** стилистикалык маркерленген элементтердин тизмегин берсе, **лингвопоэтикалык анализ** аларды тексттеги орду, мааниси боюнча тексттин идеялык-көркөм мазмунун ачып көрсөтүүдөгү аткарган ролун аныктоо менен кандайдыр бир иерархияга түзүп талдайт. Стилистика көркөм элестүү образдарды түзүүдө сөздүн денотациялык жана коннотациялык маанилеринин бири-бирине тийгизген таасирлерин изилдейт. Поэтикалык стиль образдуу–эстетикалык өзгөчөлүгү менен башка стилдерден айырмаланып турат, ал тыбыштардын үндөшүүсү, лексиканын жыштыгы, поэтикалык сөздөрдүн морфологиялык формасы, синтаксистик конструкциялары менен өзгөчөлөнүп, поэтикалык искусствону татаалдаштырат.

Поэтикалык чыгармадагы стилистикалык каражаттардын (троптордун (гр. tropos), фигуралардын (лат. figura) – сөздүн же фразанын өтмө мааниде, образдуу көркөм айтылышы) негизги максаты – тилге өзгөчө бир жогорку көркөмдүүлүктү, образдуулукту берүү. Көркөм сөз каражаттары элдин тилине, маданий, тарыхый, социалдык, улуттук өзгөчөлүктөрүнө, жашаган шартына, заманга, жайгашкан жерине, каада-салтына байланыштуу түзүлөт. Кыргыз аялдар поэзиясында жана алардын котормолорунда кездешкен стилистикалык ыкмаларга жана экспрессивдик көркөм сөз каражаттарына лингвостилистикалык талдоо жүргүзүү

менен көркөм, элестүү образдарды жаратууда, ырдын мелодикалык касиетин күчөтүүдө, автордун маанайын, ырдын ыргагын түзүүдөгү орду аныкталып, сөздүн денотациялык жана коннотациялык өзгөчөлүктөрү, чыгарманын негизги идеясын берүүдө экстралингвистикалык факторлордун тийгизген таасирлери, алардын котормодо берилиши маанилүү маселе катары каралат.

**Поэтикалык тексттин фонетика-фонологиялык деңгээлиндеги стилистикалык каражаттардын** максаты – окурмандын көңүлүн буруу, тыбыштык, эвфониялык эффект берүү, уккулуктуу тыбыштык үндөштүктөрдү түзүү. Сөздөрдүн тыбыштык айтылышы жеке турганда эч кандай эстетикалык мааниге ээ болбойт. Тыбыштар башка тыбыштар менен биригип алардын комбинациялык биригүүсү эвфония (уккулуктуу, жеңил, жагымдуу үн) жана полифония (бир мезгилде бир нече үндөрдүн берилиши) эффектисин бере алышат. Ыр түрүндөгү чыгармаларда экспрессивдик-эстетикалык таасир берүү функциясы фонетикалык деңгээлде көбүрөөк кездешет. Тыбыштардын үндөшүүсү, аллитерация, ассонанс, үн тууроо (ономатопея) поэтикалык чыгармаларда көп кездешип, тилдин таасир берүү функциясын ишке ашыруу менен эстетикалык касиеттерин жогорулатат.

Чыгармалардагы колдонулган **тууранды сөздөр** окуянын, табияттын элесин реалдуу берүү зарылчылыгы менен шартталат. Ошондой эле тууранды сөздөр тилдин экспрессивдүү каражаты катары поэзияда көп колдонулуп, көркөм образдарды жаратууда, ырдын мелодикалык касиетин күчөтүүдө, ырдын ыргагын түзүүдө, автордун маанайын, предметтердин элесин берүүдө өзгөчө орунга ээ.

| | |
|---|---|
| <u>Шаркырап,</u> | *When the rivers of the valleys* |
| *Өзөн суулар агып турса,* | *Flow <u>crashing,</u>* |
| <u>Шарпылдап</u> | *And the waves of the lake break* |
| *Көлүң жээкке согуп турса…* | *On the shore <u>splashing</u>…* |
| *[Т.А.48-б]* | *[К.К.49-б]* |

Мисалдагы *"шарпылдап"*- көлдүн дабышын, *"шаркырап"*- дарыянын агышын билдирген ономатоптор ырдын эстетикалык таасирин күчөтүүчү, акындын айтайын деген оюн билдирүүдөгү негизги ыкма катары колдонулган, англис тилиндеги <u>эквиваленттери</u>: *crashing* жана *splashing* ономатоптору колдонулуп, алардын маанилери котормодогу тууранды сөздөргө дал келип, котормо тууранды сөздөрдүн психоакустикалык параметрлерине жана тексттеги аткарган кызматына жараша жүргүзүлгөн.

Тууранды сөздөрдүн тексттеги ролун изилдөө менен кыргыз тилиндеги тууранды сөздөрдү англис тилине котоорууда тилдик каражаттардын универсалдуу касиеттерине жана кубулуштарына таянуу аркылуу аларды адекваттуу котоорууга мүмкүндүк берүүчү төмөнкү жолдору аныкталды: ***эквивалентин табуу; башка троптор менен берүү; функционалдык алмаштыруу; транспозиция; кошумчалоо; компенсациялоо; перифраздоо; алып салуу; конкреттештирүү; жалпылаштыруу.***

**Аллитерация** элдик чыгармаларда, англис поэзиясында да кыргыз поэзиясында да байыртадан бери келе жаткан ыкма. Анын негизги функциясы – акын-жазуучунун ой сезимин терендетип бергенге, көркөмдүүлүктү арттырууга жардам берет.



***К**ысынбагын, кымырынба, чечингин!*
***К**ымыздан жут, бапырап бир чечилгин. [М.Б.60-б.]*
***D**on't be shy or embarrassed, take off your coat,*
***D**rink kumis, and talk frankly heart-to-heart. [К.К.61-б.]*

Которууда түпнускадагы эки муундан турган *к* тыбышынан түзүлгөн так аллитерация англис тилине *d* тыбышынан турган башкы аллитерациянын жардамы менен ырга кошумча көркөм каражат катары үндөштүктү берип турат.

Англис тилиндеги аллитерацияга берилген аныктаманы кыргыз тилиндеги аллитерацияга колдонуу кыргыз тилинин спецификасына туура келбей тургандыгы илимий эмгектерде көрсөтүлгөн. Аллитерацияны кыргыз тилинен англис тилине берүүдө: ***башка тыбыштан жаралган аллитерация, ички аллитерация, ассонанс, ички ассонанс, уйкаштык менен, тилдик каражаттар менен компенсациялоо, кайталоолор менен берүү, ырдын ыргагын сактоо*** сыяктуу которуу ыкмалары аныкталды. Аллитерацияны которууда анын функционалдык-стилистикалык аткарган кызматын эмес, экспрессивдик таасир берүүсүн эске алуу маанилүү маселе катары каралды.

**Ыргак (ритм)** - ырдын негизги күчү, тилдик бирдиктердин бирдей кайталанышына негизделген тил каражаты. Кыргыз тилиндеги ыргак муундардын санынын бирдейлигинен түзүлсө, англис тилинде муун менен басымдардын катышынан түзүлөт. Кыргыз тилинен англис тилине ырларды которууда түп нусканын ритмикалык ыргагын сезе билүү эң негизги критерийлердин бири болуп саналат. **Уйкаштык** – ыр түрүндөгү чыгармаларга таандык, ыргак түзүүчү көрүнүш. Кыргыз поэзиясына да, англис поэзиясына да мүнөздүү уйкаштык добуштук жагынан ыр сабынын баш жагынан, ортосунан, өзгөчө аягынан үндөшөт. Уйкаштык ыр түрүндөгү поэтикалык кептин эң маанилүү белгилеринин бири катары байыркы учурдан тартып азыркы кезге чейин, элдик оозеки чыгармалардын, классикалык ырлардын ыр жолдорунун жалпы түзүлүшүндө маанилүү ритмикалык курал катары каралат.

Англис жана кыргыз тилиндеги ыр түзүлүштөрүнүн айырмачылыктары:

| **Кыргыз тилинде** | ***Англис тилинде*** |
|---|---|
| 1.Уйкаштык аллитерация, ички аллитерация, башкы же аякы уйкаштык түрүндө болот.<br>2. Сингармонизм законуна негизделет: жоон жана ичке үндүүлөрдөн турган уйкаштыктын түрлөрү.<br>3. Ак ыр түрүндөгү ырлар сейрек кездешет.<br>4. Басым акыркы муунга түшөт;<br>5. Сөздөр көп муундуу;<br>6.Ыр саптарында муун сандары көбүнчөсү бирдей болот. | 1. *Ырдын метрикалык өлчөмүнө жараша түзүлөт, басымга негизделет. Ырдын аягындагы жана ички уйкаштык мүнөздүү.*<br>*2. Визуалдык, ак ыр түрүндөгү уйкаштыгы жок ырлар көп кездешет.*<br>*3. Басым көбүнчөсү биринчи муунга түшөт;*<br>*4. Бир муундуу сөздөр көп;*<br>*5. Моносиллабикалык тил (ырдагы муундар бирдей өлчөмдө болбойт);*<br>*6. Гипер – липометрия кубулуштары мүнөздүү.* |

Тилдик бирдиктердин структуралык түзүлүшү менен анын коннотациялык маанилеринен башка дагы бир маанилүү орунду ээлеген стилистикалык

каражаттар – поэтикалык кептин тыбыштык үндөштүгүнө, коо здугуна негизделген ырдын ыргагы. Мисалы:

| | |
|---|---|
| *Агарып күмүш <u>табактай,</u> (8)* | *Glowing white, like a silver dish, (8)* |
| *Асманда сызып <u>барат ай,</u> (8)* | *The moon sails in the sky. (6)* |
| *Эх, жыргал экен көл жээги (8)* | *Ah, how blissful is the bank of <u>the lake.</u>10* |
| *Турсачы бир аз <u>таң атпай!</u> (8)* | *I hope dawn will be <u>a little late!</u> (9)* |
| [Ж.Т.40-б.] | [К.К.41-б.] |

Түп нускадагы *а* тыбышы түзгөн ассонанс жана жоон үндүүлөрдөн турган тыбыштардын үндөштүгү, сөздөрдүн уйкаштыгы, сегиз муундуу ритмикалык бирдиктер ырдын уккулуктуулугун түзүп, окурманга эстетикалык таасир берүүдө негизги орунда турат. Котормодо англис тилиндеги ыр түзүлүшүнө мүнөздүү **гипер-липометриялык** кубулуш байкалат, бирок, мындай көрүнүш ырдын маанисин өзгөртпөйт

**Поэтикалык тексттеги стилистикалык ыкмаларды жана көркөм сөз каражаттарын морфологиялык деңгээлде изилдөө**

Тилдин экспрессивдик-эстетикалык аткарган кызматы поэтикалык чыгармалардын морфологиялык деңгээлине да мүнөздүү: уңгуга уланган мүчөлөр, сөз жасоочу мүчөлөр, жак, чак, сан категориялары, ж.б., көркөм текстте маани берүүчү жана эстетикалык жүк аркалоочу мүнөзгө өтүшөт. Морфологиялык деңгээлдин негизги бирдиги морфема болуп саналат.

Тилдин морфологиялык деңгээлиндеги эстетикалык аткарган кызматы кыргыз тилинде редупликациялык жол менен түзүлгөн күчөтмө маанини берүүчү сөздөрдүн колдонулушу аркылуу да көрүнөт: *сапсары - bright yellow, аппак – white, улам-улам – again and again* англис тилине бир же эки/үч компоненттүү сөздөр менен которулган.

Поэтикалык тилде ат атооч, этиш, чак, жак, сан, убакыт категориялары менен айкалышып, семантикалык мааниси менен эстетикалык көркөмдүктү толуктайт. Мисалы, Г.Момунованын *"Сыр"* аттуу ырында максат-ниет ыңгайдын *–мак-мын* мүчөлөрүнүн *(билин-мек-мин, ийил-мек-мин, тигил-мек-мин)* үстөмдүк кылуусу менен чыгарманын негизги идеясын ачууга шарт түзүлгөн:

*Да бир аз зарылганда <u>көрүнмөкмүн,</u>*
*Үстүңө ак жаандай <u>төгүлмөкмүн</u> [Г.М.76-б.]*
*If <u>you'd</u> suffer for me a little more, <u>you'd</u> see*
*How <u>I'd</u> spill my love on you like a pouring rain. [К.К.77-б.]*

Англис тилине которууда шарттуу ыңгай түзүү үчүн колдонулуучу жардамчы этиш *would ('d)* колдонулган.

Англис жана кыргыз тилиндеги морфемалардын түзүлүш айырмачылыктары чоң болсо дагы, алар эки тилде тең поэтикалык мааниге ээ: биринчиден, уйкаштыкты, ыргакты камсыз кылуучу каражат катары музыкалык – эстетикалык таасир берсе, экинчиден, автордун маанайын билдирүүчү да касиетке ээ. Поэзияда морфемалар ырдын экспрессивдик, эмоционалдык маанилерин берүүдө маанилүү орунда турат. Морфемалар котормодо көпчүлүк убакта контекстке жараша берилет. Морфемалык кайталоолор – ырдын маанисин жеткирүү, окурмандын назарын буруу, айта турган ойду баса белгилеп көрсөтүү максатында колдонулат. Морфемалык кайталоо менен фольклордук кайталоону стилдештирүү милдетин аткарган мисалга Н.Жетикашкаеванын *"Кыздар ай"* аттуу ырын алсак болот.



Кыргыз тилиндеги эпифоралык редифтүү кайталоо англис тилиндеги сөз ордун сактоо эрежесине ылайык анафоралык кайталоо болуп берилген.

| | |
|---|---|
| *Жашыл гүл<u>дөй</u> ачылып,* | *<u>Girls, you</u> show yourselves off* |
| *Түрдөнөсүң <u>кыздар, ай.</u>* | *<u>Like</u> fresh flowers blossoming.* |
| *Жайкы чечен булбул<u>дай,</u>* | *<u>Girls, you</u> sing a song,* |
| *Үндөнөсүң <u>кыздар, ай.</u>* | *<u>Like</u> an eloquent nightingale.* |
| *[Н.Ж.14-16-б.]* | [К.К.15-17-б.] |

Сын атооч жасоочу мүчөлөр *-дай, -дүү* зат атоочко уланып, анын кайталанышы ырдагы сөздөрдүн эмоционалдык маанисин күчөтөт: *гүл-дөй, булбул-дай, кайыңдай, өрт өң-дүү, көркөм-дүү.* Англис тилине которууда тактооч *like* колдонулган: *like air, like flowers, like a nightingale, like a blazing fire, like a budding birch.* Кайталоонун натыйжасында морфемалар өз алдынча жүктү аркалап, сөздөрдүн кошумча коннотативдик маанилерин түзүүгө жана алардын стилистикалык эффектисин күчөтүүгө шарт түзөт. Кыргыз тилиндеги кайрылуу сөз *"ай"* англис тилине контекстке жараша *"Girls, you…"* деп, англис тил маданиятында кайрылуу, үндөө сыяктуу диалогдук функцияны аткаруучу, синтаксистик кайталоонун өзгөчө формаларынын бири <u>тавталогиялык кайталоо</u> менен тексттеги аткарган эмоционалдык маанисин сактоо максатында которулду. Өзгөчө мааниси бар эмоционалдуу мааниге ээ *-дай, -ай* морфемаларынын жардамы менен автор шайдоотукту, чапчаңдыкты, сергектикти билдирип, ырдын музыкалуулугун берүүдө да негизги каражаттар катары колдонгон.

**Поэтикалык тексттин лексикалык деңгээлиндеги стилистикалык каражаттар жана аларды которуу жолдору**

Поэтикалык тилде тилдин бардык байлыгы, мүмкүнчүлүгү ачылат, поэтикалык тексттеги сөз чыгарманын идеялык маңызын ачуу максатында өз маанисинде да, өтмө маанисинде да пайдаланылат. Көркөм чыгармадагы тилдин **экспрессивдик-эмоционалдык каражаттары** түп нускадагы көркөмдүүлүктү, автордун ички ой толгоосун, образдуулукту берүүдө негизги орунда турушат. Түп нускадагы образдуу көркөм сөз каражаттарын жана стилистикалык ыкмаларды которулуп жаткан тилде адекваттуу берүү котормо теориясындагы маанилүү маселелердин бири. Ырда колдонулган лексикалык стилистикалык каражаттардын жыйындысы ырга керектүү маанай түзүп, ал автордун интонациясы аркылуу окурманга жетет.

**Метафора** – эки түшүнүктүн, сөздүн предметтик-логикалык мааниси менен контекстуалдык маанисинин ортосундагы мамилеге негизделген троп. Метафора реалдуу обьектилерди таанып билүүдө, көркөм образдарды түзүүдө, чыгарманын идеялык мазмунун ачып берүүдө негизги ыкма болуп саналат. Метафоранын жардамы менен ырдын негизги идеясы түзүлөт.

*Акын болсоң,*
*<u>Акыл көлүн аралап,</u>*
*<u>Шуру сүзбөй, тунук, таза бермет сүз!</u> [Н.Ж.22-24-б.]*
*If you are a poet,*
*<u>Swimming in the lake of wisdom,</u>*
*<u>Ladle out not coral, but real, pure pearl!</u> [К.К.23-25-б.]*

Акын образдуу, метафоралык сөздөрдүн катмарынан турган ырында, *"акыл көлүн аралап", "кооз гүлдөй"* б.а., формасы төп келишкен, рифмага бай ырларды

жазбастан, *"таза бермет"* ырларды б.а., мааниси терең ырларды жаратууга чакырат. Бул саптардагы метафора жалпы строфанын маанисин камтыйт. Англис тилине которууда лексикалык трансформациялардын жардамы менен, метафора=метафора болуп берилген.

Метафораны которууда адеваттуулукка жетишүүгө мүмкүндүк берүүчү котормо ыкмалары:

| ***Метафораны которуу жолдору (семантикалык деңгээл)*** | | *Мисалдар* | |
|---|---|---|---|
| *Кыргыз тилинде* | *Англис тилинде* | *Кыргыз тилинде* | *Англис тилинде* |
| Метафора → | Метафора | *ак бөпө (ыр); зор дарак (эне, жер); мөңгү (карылык); булак (жаштык;)* | *darling baby (poem); huge tree (mother, earth); glacier (old age); spring (youth).* |
| Метафора → | Салыштыруу | *Сапары алыс бакыт тарткан кемесиң; Жакасына тизилип бермет болуп* | *Like a long-ranged ship that carries happiness; Like a pearly necklace.* |
| Кейиптештирүү менен түзүлгөн метафора → | Кейиптештирүү менен түзүлгөн метафора | *Желин салып жер дүйнө тамылжыса (май айы)* | *The ground blushes ready to give birth* |
| Метафора → | Дескриптивдик | *Бермет болуп, шуру болуп тизилет (жаштык)* | *Those days are necklace of coral and pearl* |
| Метафора → | Метафора (кошумчалоо) | *Жыттуу гүлдөн, Жыл болсо да бирди үз! (ыр)* | *Even once a year, Pick **a special** sweet-scented one! (poem)* |

**Метонимия** – предметтердин ортосундагы конкреттүү байланышты табууга, сөздүн предметтик-логикалык жана контекстуалдык маанилеринин ортосундагы мамилеге негизделген троп. Эки түшүнүктүн, кубулуштун ортосундагы логикалык жакындыгына негизделген "ассоциация аркылуу окшоштук". Бир предметтин экинчи предметке болгон мамилесине, чектештигине жараша белгилерин ооштуруу (метонимия) менен бири-биринен мааниси алыс болгон сөздөр жакындашып, сөздүн көп маанилүүлүгү өнүгөт. Мындай көрүнүш көркөм кептин уюшулушунун татаалданышына, ритмикалык көп түрдүүлүккө алып келет.

| | |
|---|---|
| *Сары алтын, жакут салынбайм,* | *I don't wear ruby, yellow gold,* |
| *Суктантпайт куру дүнүйө.* | *I don't admire lifeless wealth.* |
| *Табышмак сырдуу сансары,* | *But I do admire the color of fall,* |
| *Суктанам күздүн өңүнө.* | *With its yellow, mysterious world.* |
| *[Г.М.72-б.]* | *[К.К73-б.]* |

Котормодо *алтын, күмүш, жакут* метонимиясынын универсалдык касиетине байланыштуу, ушундай эле түшүнүк башка тилде да бар экендигине карап, метонимия = метонимия менен берилди.

Метонимияны которууда анын контексттеги колдонулушу менен бирге экстралингвистикалык факторлор өзгөчө мааниге ээ, анткени метонимия ар бир



элдин маданий, тарыхый, социалдык өзгөчөлүктөрүнө жараша түзүлүп, аны эске албай которуу чыгарманын түпкү маңызын жоготконго алып келет.

| ***Метонимияны которуу жолдору (семантикалык деңгээл)*** | | *Мисалдар* | |
|---|---|---|---|
| *Кыргыз тилинде* | *Англис тилинде* | *Кыргыз тилинде* | *Англис тилинде* |
| Метонимия → | Метонимия (эквиваленти) | *Ар жан (адам); жүрөктү козгогондо* | *the soul (адам); touch the heart* |
| Метонимия (сөз айкашы) → | Метонимия (сөз айкашы) | *бир боор жанча* | *as a fellow spirit* |
| Метонимия → | Перифраздоо | *жүрөк да ишенбейби чыны менен* | ***her heart** will trust sincerely* |
| Метонимия → | Антонимдик котормо | *Маңдайыңа бир жан чертпей* | *nobody hurts your feelings* |
| Метонимия → | Лексикалык кошумчалоо | *Жүрөктөрдөн түнөк тапкан; отузумда, кыркымда* | *lodging in the people's heart; On my thirty, forty years* |
| Метафорикалык метонимия → | Идиомалык котормо | *Тетиктери жешилип* | *An old man wears out* |
| Универсалдуу метонимия → | Универсалдуу метонимия | *Алтын бербе, күмүш бербе* | *Don't give me gold and silver* |

**Эпитеттер** сөздөрдүн эмотивдик жана логикалык маанилеринин ортосундагы байланышка негизделип, сүрөттөлүп жаткан көрүнүштүн, нерсенин же адамдын мүнөзүнүн башкы белгисин же мүнөздүн өзгөчө касиетин бөлүп, баалап көрсөтүү менен чыгармага эмоционалдык, көркөмдүк касиет берет.

Поэтикалык чыгармаларда көп кездешүүчү метафорикалык эпитеттер анимистикалык (жансыз нерселерге жандуу нерселердин мүнөздөмөсүн алып өтүү) жана антропоморфдук (адамдарды мүнөздөөчү, адамдарга тиешелүү касиеттерди жансыз нерселерге же ар кандай феномендерге алып өтүү, адамдаштыруу) жолдор менен берилет.

*Мезгилдин тентек жели абайлагын,*
*Токтой тур, сар жалбырак, түшпө, түшпө! [Г.М.74-б.]*
*To the season's playful breeze, I say, Be careful,*
*Wait a little, yellow leaf, don't drop, don't drop! [К.К.75-б.]*

Адамдарга мүнөздүү, алардын кыймыл-аракетин, жүрүш-турушун көрсөтүүчү эпитет *тентек* метафорикалык мааниде *желге* өтүп, ырдын таасирдүүлүгүн күчөткөн. Автордун эмоционалдык-экспрессивдик каражаттары ырга өзгөчө көрк берип, эпитеттин жардамы менен автор окурманга эмоционалдык таасир бере алган.

Көркөм чыгармага эмоционалдык, көркөмдүк касиет берүүчү каражат катары эпитетти которуунун төмөндөгүдөй структуралык өзгөчөлүктөрү аныкталды:

| Эпитетти которуу жолдору | | Мисалдар | |
|---|---|---|---|
| *Кыргыз тилинде* | *Англис тилинде* | *Кыргыз тилинде* | *Англис тилинде* |
| Жөнөкөй эпитет → | Жөнөкөй эпитет | *Улуу сөз* | *Great words* |
| Үч комп. эпитет → | Эки комп. эпитет | *көк кашка суулар* | *pure water* |
| Татаал/түгөйлүү эпитет → | Жөнөкөй эпитет | *көңүлүмдүн азган-тозгон жерлерин* | *my worn out soul* |
| Эки комп. эпитет → | Көп (4) комп - (транспозиция) | *эрке жанмын* | *Being favored by fortune* |
| Төрт комп. эпитет → | Үч комп. эпитет (транспозиция) | *гүлгүндөй кымбат жаш өмүр* | *Young, precious life will bloom* |
| Татаал эпитет (салыштыруу)→ | Татаал эпитет (гипероним) | *кош аргымак чанадай* | *like two horses with one carriage* |
| Үч комп. метонимиялык эпитет → | Эки комп. эпитет (кейиптештирүү) | *кылгырып кызыл жүздүү (күз)* | *Autumn, flushed and dressed in brocade* |
| Үч комп. (гиперболалык) эпитет → | Үч комп. (гиперболалык) эпитет | *миң тепкичтүү өмүр сыры* | *a thousand-stepped secret of life* |
| Көп (4) комп. → (мейозис) | Синтак. конструк. сүйлөм, (мейозис) | *беш күнчүлүк бул өмүр* | *It lasts but five days* |
| Фразалык (3-комп) эпитет → | Көп (4) комп. эпитет | *жети атамдын жети атасы* | *my seven fathers' seven fathers* |

**Салыштырууда** ар башка категориядагы эки түшүнүк кандайдыр бир жалпы окшоштук же белгиси менен салыштырылат. Бир тилде жаралган салыштыруу ыкмасын экинчи тилде ошол эле мааниде кабыл алуу мүмкүн эмес болгондуктан аларды которуу өз алдынча кыйынчылыктарды туудурат. Көбүнчө салыштырууга негизделген идиомалык сөз айкаштарын которууда тилдин, элдин кабыл алуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу талап кылынат. Чыгарманын түпкү маанисин, негизги идеясын жеткирүү үчүн төмөнкү мисалдагы туруктуу сөз айкашы англис тилине аналогдун жардамы менен, *кош кабыргам – my heart (жүрөгүм)* болуп которулган, мисалы:

*Сен муңайсаң мен да кошо муңайын,*
*Кош кабыргам сөгүлгөндөй көрүнөт.* [З.С.36-б.]
*When you are sad, I feel sad too,*
*It seems to me that my heart breaks.* [К.К.37-б.]

Салыштырууну экинчи тилге берүүдөгү көңүлгө алынуучу маселе, ошол салыштыруу элдин кабыл алуу жана маданий өзгөчөлүгүнө байланыштуу болот. Кыргыз тилиндеги салыштырууну которууда тилдин өзгөчөлүктөрүн жана экстралингвистикалык факторлордун тийгизген таасирин эске алуу зарыл.



| Салыштырууну которуу жолдору (семантикалык деңгээл) | | Мисалдар | |
|---|---|---|---|
| *Кыргыз тилинде* | *Англис тилинде* | *Кыргыз тилинде* | *Англис тилинде* |
| Салыштыруу → | Салыштыруу | *Алтын табак сыяктуу* | *Like a golden bowl* |
| Салыштыруу→ | Аналогун берүү | *Кош кабыргам сөгүлгөндөй көрүнөт* | *It seems to me that my heart breaks* |
| Салыштыруу → | Перифраздоо (кошумча түшүндүрмө) | *Акындын ырындай «Дүрдана»* | *Like a girl, "Durdana" in the poet's verse.* |
| Автордук салыштыруу → | Метафора (контекстуал. алмаштыруу) | *Ак пейил апамдай түн гана?..* | *Where is the night, my kind mother,* |
| Салыштыруу → | Кошумчалоо | *Күткөн досуң сапардан келген сындуу* | *Like a long-awaited friend arrived from a trip* |
| Туруктуу сөз айкаштары менен берилген салыштыруу → | Калькалоо | *өзөн суудай; ак жалындай; ууру мышык өңдөнүп; ач арстандай.* | *Like a flowing river; Like a white flame; Like a thieving cat; Like a hungry lion.* |
| Салыштыруу → | Синонимдик алмаштыруу | *Жер-асмандын эркесиндей* | *Like a favorite of heaven and earth* |
| Автордук салыштыруу → | Лексикалык кошумчалоо, салыштыруу | *Жакшы күндү жаштыгымдай жоктоюн* | *I miss my good days, like I miss my youth* |

**Поэтикалык тексттин синтаксистик деңгээлиндеги стилистикалык каражаттар** - образдуу чагылдырууну күчөтүүгө көмөктөшкөн кептин кубулушунун атайын системасын түзөт. Синтаксистик каражаттар чыгарманын мазмунун, андагы маанилүү теманы, идеяны өзгөчөлөп көрсөтүүчү, анын экспрессивдүүлүгүн, көркөмдүүлүгүн, окуянын жүрүшүн күчөтүүчү жана поэтикалык тексттеги ритмди-ыргакты түзүүчү касиеттерге ээ. Поэтикалык көркөм кеп – тилдик системада тарыхый жактан калыптанган, жалпы мүнөзгө ээ жана тарыхый өзгөрүүлөргө дуушар болуп туруучу, заманга, автордун жеке индивидуалдык стилине жараша ар кандай өзгөчөлүктөргө ээ болгон кептин түрү. Мында көркөм кептеги ар бир элемент: тыбыштар, морфемалар, сөздөр, фразалар – өз өзүнчө эмес, көркөмдүк жактан биригип, окурмандын ойлонуусуна жана сезимине таасир этет.

**Кайталоонун** натыйжасында чыгарманын башкы идеясы түзүлөт. Кайталоо принциби тексттин уюшулушунун бардык деңгээлинде боло алат. Кыргыз элдик ырлары өзгөчө кайталоолорго бай, элдик чыгармаларда кайталоонун ритм түзүүчү түрү көп кездешет. Ырга уккулуктуу ыргак берип туруучу, ырдын темпин басандатып да, күчөтүп да туруучу кызматтарды аткарган кайталоолор ырдын музыкалуулугун түзүүдө, башкы идеяны белгилеп көрсөтүүдө маанилүү.

*Не деген мойну узун түндөр деги*
*Алдейлеп мен түндөрдү, түндөр мени. [Ж.Т.38-б.]-*
*Oh, nights, why are your necks so long?*
*Rocking, I lullaby you, you lullaby me. [К.К.39-б.]*

Ырда кездешкен синтаксистик стилистикалык ыкма хиазм, ырдын ыргагы, метафорикалык эпитеттер, м: *“мойну узун түндөр”* жаратылыш кубулушуна жандуу нерсенин белгисин берүү менен лирикалык каармандын таң атышын күтүп жаткан ички сезимин, жалгыздык, оору, тар бөлмө, ак жамгыр, чагылган жөнүндөгү ой-толгоосун эмоционалдуу жеткире алган. Синтаксистик стилистикалык каражаттардын бир түрү – хиазм аркылуу автор поэтикалык көркөм образ *түнду* сүрөттөп, окуянын жүрүшүн күчөтүүдө колдонгон. Бул ыкманын композициялык түзүлүшүндө бирдей келген эки сүйлөм болот, биринчи сүйлөмдү инверсиялык кайталоонун негизинде экинчи сүйлөм түзүлөт. Англис тилине которууда транспозициялык жол менен зат атоочту ат атоочко алмаштыруу жана үчүнчү жак, жекелик санды биринчи жак, жекелик санга өткөрүү менен хиазмдын структурасы сакталып, түп нускадагы *түндөр* менен түзүлгөн хиазм, котормодо *lullaby (алдейлеп)* аркылуу берилген. Автордун кайрылуусу түз *“мен”* аркылуу берилип, тилдин таасир берүү функциясын ишке ашырууда негизги каражат болгон.

| ***Синтаксистик фигураларды которуу жолдору*** | | *Мисалдар* | |
|---|---|---|---|
| *Кыргыз тилинде* | *Англис тилинде* | *Кыргыз тилинде* | *Англис тилинде* |
| Анафоралык (а...,а...) кайталоо → | Анафоралык кайталоо | *Сөз келет,*<br>*Кылымдарды сүрүп...*<br>*Сөз келет,*<br>*Ой эргитип .....* | *Words come,*<br>*Pushing the centuries ...*<br>*Words come,*<br>*Inspiring us....* |
| Эпифоралык (...а,...а) кайталоо → | Эпифоралык кайталоо | *Кымызың сенин бал беле, жеңе,*<br>*Тилимде даамы алиге жеңе.* | *Your kumis is like honey, sister-in-law*<br>*Its taste lingers still on my tongue, sister-in-law.* |
| Эпифоралык кайталоо → | Анафоралык кайталоо | *Мөлмүлдөгөн... жаш*<br>*Кызыл бураң .....жаш* | *Youth that glittered like..*<br>*Youth as supple as .....* |
| Анадиплосис (...а, а...) → | Эпифоралык кайталоо | *Элимдин тилегине тилек кошом,*<br>*Тилек кошом, ак ниет жалпыңарга* | *I add my dream, to my people’s dream* |
| Параллелизм → | Параллелдик конструкция | *Бакыт деген...*<br>*Бакыт дейт....* | *Happiness is - to....*<br>*Happiness is - to ...* |
| Эпифоралык редифтүү кайталоо→ | Тавталогиялык кайталоо (зат атооч+ат атооч) | *Балбылдайсың кыздар ай,*<br>*Жалжылдайсың кыздар ай;* | *Girls, you radiate*<br>*Girls, you light up* |



| | | | |
|---|---|---|---|
| Хиазм → | Хиазм | *Алдейлеп мен түндөрдү, түндөр мени* | *Rocking, I lullaby you, you lullaby me.* |
| Хиазм (этиш) → | Сырдык сөздөр (SPO) | *Кызыл өрүк кош болгун, кошкун эми* | *Farewell, red apricot, I say goodbye* |

Кайталоо сүйлөмдөрдү байланыштыруудагы негизги каражат болуп да, стилизация, эмоционалдуулук, экспрессивдик маанилерин камтыган стилистикалык кошумча каражат болуп да саналат. Поэтикалык текстте коннотативдик аспектиси маанилүү болуп саналат. Тексттин коммуникативдик–прагматикалык түзүлүшүндөгү коннотативдик аспектинин үстөмдүк кылуусу табияттын ички духун ачканга, окуянын катышуучуларынын, каармандардын ички ой-толгоолорун жеткирүүдө маанилүү. Мындай учурлар кайталоонун стилистикалык негизги функциясы – эстетикалык таасир берүүсү менен ишке ашат. Тематикалык жактан жакын турган сөздөрдүн кайталанышы окурмандын кабыл алуусун активдештирет жана автордун эстетикалык принциптерин ишке ашырат. Синонимдик кайталоонун поэтикалык тексттеги негизги кызматы – деталдаштыруу жана айтайын деген негизги ойду жеткирүү. М:

*Сен ачылсаң, мен да гүлдөй жадырап,*
*Сен каткырсаң, мен да күлүп жыргаймын. [З.С.36-б.]*
*When you radiate joy, I also shine like flowers,*
*When you laugh aloud, I laugh in delight too. [К.К.37-б.]*

Поэтикалык көркөм чыгармалардагы автордун окурманга берген суроосу **риторикалык суроо** деп аталат. Башка суроолордон айырмаланып риторикалык суроого жоопту автор өзү ошол ырдагы контекстте берет.

А.Кухаренко “риторикалык суроо башка суроолордон жоопту талап кылбагандыгы менен айырмаланат, бирок автордун эмоционалдык маанайын жеткирип, окурмандын көңүлүн бурганга шарт түзөт” деп белгилеген. Риторикалык суроо синтаксистик стилистикалык каражат катары окурмандын көңүлүн толук бурганга багытталып, айтыла турган ойду баса белгилөөгө шарт түзөт.

Г.Момунованын *“Суктанам күздүн өңүнө”* аттуу ырында риторикалык суроо акындын ички ой толгоолорун жеткиликтүү берүүгө өбөлгө түзүп, ырдын таасирдүү болуусуна көмөктөшкөн. Ырдын окурманга таасир этүүсү синтаксистик стилистикалык каражаттар менен бирге лексикалык, фонетикалык каражаттардын, алардын ичинен эпитеттердин жардамы менен ишке ашат. *Сары, табышмак сырдуу сапсары, сапсары оттой* сыяктуу эпитеттер *с* тыбышынын үстөмдүк кылышынан түзүлгөн ырдын ритмикалык уккулуктуулугу синестетикалык кубулушка негизделген. Мисалы:

| | |
|---|---|
| *Сапсары оттой күз өңү,* | *Is this yellow face of fall like fire,* |
| *Алоолоп жанган күйүүбү?* | *A blazing passion that burns bright?* |
| *Жабыгып жетпей өмүрдө,* | *Or is it the yellow of faded love* |
| *Саргайып бүткөн сүйүүбү? [Г.М.72-б.]* | *That withered, unfulfilled? [К.К.73-б.]* |

Англис тилинде ырдын аллитерациялык уккулуктуулугун *l* жана *f* тыбыштары түзүп, ырдын синестетикалык көркөмдүүлүгүн кабыл алууга мүмкүндүк берген.

Поэтикалык чыгармаларда сүйлөмдүн структурасын түзүүгө катышкан синтаксистик стилистикалык каражаттар бөлүп көрсөтүүчү, экспрессивдик касиетке ээ, күчөтмө - градациялык эффектисин түзүүгө шарт түзүп, чыгарманын идеясын ачып берүүдө катышып, англис тилине которуудa төмөндөгүдөй жолдору аныкталды:

| *Синтаксистик каражаттар* | | *Мисалдар* | |
|---|---|---|---|
| *Кыргыз тилинде* | *Англис тилинде* | *Кыргыз тилинде* | *Англис тилинде* |
| Риторикалык суроо (...бы?) → | Риторикалык суроо (*Is this...)* | *Жаратар жаңы ыр акындай, Эртеңки күнгө эргүүбү?* | *Is this the new verse of a poet Gathering inspiration for future days?* |
| Антитеза → | Антитеза | *Карылыгың ушундай жаман дешет. Карылыкка бактылуу адам жетет.* | *Old age is horrible To reach old age is itself happiness.* |
| Инверсия V-V-S-O → | (V(P)-Object)+(S-V(P)-O) | *Түшту көөнүм көркүңө сени көрүп* | *And fell in love when I saw your beauty* |
| V-V-S-O инверсия → | (Subj.-Verb (Pred)-Obj.) | *Деди дагы түшту иштин соңунан* | *He said this and kept on working* |

**II – Главада “Котормонун экстралингвистикалык, функционалдык-стилистикалык жана семиотикалык аспектиси”** каралып, ал эки чоң бөлүктөн турат. Биринчи бөлүктө көркөм чыгармага жана анын котормосуна лингвопоэтикалык анализ жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү, функционалдык-стилистикалык жана лингвосемиотикалык илик жүргүзүү өңдүү теориялык маселелер ар тараптуу териштирилип, конкреттүү мисалдарга талдоо жүргүзүү аркылуу берилген. **“Поэтикалык чыгармаларга комплекстүү филологиялык лингвопоэтикалык анализ жүргүзүүдө”** Тенти Адышеванын *«Тагдыр чечет» - “Fate will Decide”* аттуу ырына жана анын котормосуна, Н.Жетикашкаеванын *“Кыздар ай” - “Girlhood”* аттуу ырына жана анын котормосуна лингвопоэтикалык талдоо жүргүзүлдү.

Котормонун экстралингвистикалык аспектисин изилдөөдө филол.и.д., доц. Караева З.К. иштеп чыккан “Лингвопоэтикалык котормо категориялар” (Л.П.К.К) системасы негизги курал, метатил катары пайдаланылып, тилдин экстралингвистикалык релеванттулуктары кандайча ишке ашкандыгы изилденди.

Чыгармаларга функционалдык - стилистикалык анализ жүргүзүүнүн негизинде адамдын аң-сезимине таасир этүү менен окурмандын санаркоосун, суктануусун, таңыркоосун, кубанычын, кайгысын ж.б. ички ой-толгоосун окурманга жеткирүү сыяктуу тилдин поэтикалык функциясынын негизги аткарган кызматы каралды. Поэзиянын эстетикалык таасир этүүсү тилдин бардык фонетикалык, морфологиялык, лексикалык-семантикалык, синтаксистик жана тексттик деңгээлдерине мүнөздүү. Аллитерация, ассонанс, үн тууроо, образдуу көркөм сөз каражаттары, троптор, эмоционалдуу синтаксис, автордук жеке стиль



тилдин таасир берүү функциясын ишке ашырууда негизги орунду ээлешет. Поэтикалык чыгармаларга жана котормолорго В.В.Виноградов иштеп чыккан тилдин негизги үч функциясынын негизинде (сүйлөшүү, маалымат берүү, **таасир берүү**) анализ жүргүзүлдү.

**Котормонун когнитивдик релеванттуулугу** “тил аркылуу жаңы дүйнөнү тааныйм” принцибине негизделип, Л. Полубиченко, М. Ваннер, М. Хорнби, ж.б. иштеп чыккан жоболорго таянуу менен көркөм тилдин мазмунун жеткиликтүү чагылдырууда жана дүйнө таануу процессинде когнитивдүү релеванттуулук тил менен аң-сезимди байланыштыруучу маанилүү аспект катары каралды. Когнитивдүү релеванттулукту изилдөөнүн негизин ар башка маданиятка кирген адресат менен адресанттын текстти адекваттуу түшүнүү, чыгармадагы сөздөрдүн коннотативдик маанилерин ачуу, улуттук өзгөчөлүктөргө ээ, эквиваленти жок лексикалык бирдиктерди которуу жолдорун иштеп чыгуу түзөт. Текстти адекваттуу түшүнүү тилди билүү менен гана чектелбейт, мында текстти когнитивдүү, б.а., башка маданияттын фон маалыматтарын түшүнүү аркылуу ишке ашат. Мисалы:

| | |
|---|---|
| *Келгин мейман!* | *Come over, guest!* |
| *Кол куушуруп тосоюн,* | *I’ll welcome you warmly* |
| *Карап койбой кардын аппак тозоңун.* | *In spite of the white winter blizzard.* |
| *[М.Б.60-б.]* | *[К.К.61-б.]* |

Ырдагы *«кол куушуруп тосоюн»* деген сап менен берилген поэтикалык образ кыргыз элинин меймандостугу жөнүндөгү улуттук өзгөчөлүктү билдирип жатат. Котормодо башка фон маалыматтарына ээ элдин социомаданий түшүнүгүн эске алуу менен жана алардын текстти кабыл алуу өзгөчөлүгүнө байланыштуу *«жылуу кабыл алам»* деп берилген.

**Тарыхый релеванттуулук** – кандай гана тил болбосун ал коомдун жана анын тарыхынын өнүгүүсү менен тыгыз байланышта экендигин изилдейт. Кээ бир сөздөр коомго жаңыдан кирип колдонула баштаса, кээ бир сөздөр эски тарыхый сөз же архаизм катары колдонулбай калат, жаңы коомдун жашоочулары тарабынан жаңы неолгизмдер пайда боло баштайт. XX кылымдын 30-70 – жылдардагы кыргыз поэзиясында социалисттик доор жөнүндө түшүнүктөр, коннотациялар көп. Көркөм чыгармаларды кабыл алуу механизми, окурмандардын кабыл алуусу, алар ыйык деп эсептеген баалуулуктар жана поэзиядагы лексикалык состав да бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Мындай мыйзам ченемдүүлүк бардык дүйнөлүк адабиятта байкалат.

Кыргыз ырларында кездешкен *“кербен”* сыяктуу көчмөн турмушунан алынган, тарыхый боёк берген сөздөр коннотациялык деңгээлде колдонулат. Азыркы же англис тилиндеги окурмандарга жомок сыяктуу көрүнгөн учур *“чайпалып бара жаткан кербен”* - мурунку көчмөн замандын жашоосунун негизги белгилеринин бири.

*Өткөн белем кербен тарта чайпалып,*
*Келер күндөн кеткен күнүң бөлүнбөй [Т.А.18-б.]*
*The coming days and passing days were all the same,*
*Following each other like a rhythmic caravan. [К.К.19-б.].*

Автор көчмөн калктын тажрыйбасынан алып, өткөн өмүрдү кербенге салыштырган, мындай көрүнүш көчмөн элдин турмушунан түшүнүгү жок чет элге

экзотикалык ойду калтырат. Англис тилине которууда ойду тагыраак жеткирүү үчүн кыргыз тилиндеги эки компоненттүү *кербен тарта* деген сөз лексикалык кошуу трансформациясы менен *rhythmic* деген сөз кошулуп, үч компоненттүү салыштыруу менен *like a rhythmic caravan (катар тизилген кербендей)* деп берилген.

***Социалдык-маданий релеванттуулук*** - элдин улуттук маданияты, тарыхы, тили, философиялык көз карашы, жайгашкан жери, этнографиялык, фольклордук ж.б., фактылар жөнүндөгү спецификалык фон маалыматтарын камтыйт, ал эми көркөм котормо – маданий аралык байланыштарды ишке ашыруучу негизги курал болуп саналат. Улуттун өзгөчөлүгү котормо теориясында реалия деп аталуучу түшүнүк менен берилет. *Реалиялар* - улуттук өзгөчөлүк жөнүндөгү фактыларды камтыган сөздөр, сөз айкаштары, көрүнүштөр жана алардын аталыштары. Котормочулукта реалиялар улуттук мүнөзгө ээ болуп, эквиваленттик эмес лексиканы түзөт. Түп нусканын идеялык-көркөм мазмунун кайра түзүү үчүн чыгарманын түп нускасы жаралган элдин тарыхын, маданиятын билүү менен улуттук өзгөчөлүктү сактоо котормонун негизги маселелеринин бири.

*Кымызың сенин бал беле, жеңе,*
*Тилимде даамы алиге жеңе.*
*[С.А.48-б.]*

*Your kumis is like honey, sister-in-law,*
*Its taste lingers still on my tongue, sister-in-law. [К.К.49-б.]*

Реалияларды англис тилине которуунун төмөндөгүдөй жолдору аныкталды:

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Которуу жолдору |
|---|---|---|
| *Комуз, кымыз* | *Kumis, komuz,* | Транскрипция,Транслитерация |
| *Саамал* | *young kumis (жаш кымыз)* | Гипо-гиперонимдик |
| *Үлпүнчөк* | *A veil (вуаль)* | Форенизациялоо |
| *Дүрдана* | *Like a girl, Durdana (Дүрдана кыздай)* | Перифрастикалык |
| *Комуз черткен кол сыяктуу* | *Like a hand that strums the komuz (комуз черткен кол сыяктуу)* | Калькалоо |
| *ыр тушоосу кесилген* | *With blessing (бата берүү)* | Контекстуалдык |

**Поэзияны которууда тилдин семиотикалык аспектисинин тийгизген таасирин** изилдөө үчүн белгилүү лингвисттер Ф. де Соссюр, Ч.С. Пирс, Ч. Моррис, Ю. Степанов иштеп чыккан семиотикалык белгилердин категорияларын кыргыз тилиндеги поэзияга жана алардын котормолоруна чыгарманын семиотикалык компоненттерине анализ жүргүзүүдө негизги жобо катары пайдаландык: а) өз алдынча мааниге ээ (*дисембодимент)* – бир коомчулуктагы адамдардын түшүнүгүндө семиотикалык белги логикалык мааниден сырткары белгилик функцияны аткарып, айрым бир шартта символикалык касиетке ээ болуп калат; б) белгинин функцияларын коомдун мүчөлөрү аныктайт (*арбитрарность),* белгилерди коомдун адамдары өзүлөрү ойлоп чыгарышат, белги бир гана коомчулукка кирген адамдар үчүн мааниге ээ; в) белги бир гана кырдаалга мүнөздүү (*сингюларность),* башка учурларда анын мааниси өзгөрүп, сөз белги катары колдонулбай калат.

Мисалы, *ак* деген сөз белги катарында кыргыздардын түшүнүгүндө тазалыкты, чындыкты, аруулукту түшүндүрөт, ал эми төмөнкү мисалда ак түстөгү



тамак-ашты билдирип, которгондо *flour or milk* болуп, деталдаштыруу, конкреттештирүү ыкмасы менен берилген:

*Жылан келсе узатамын ак чачып,*
*Чөпкө дагы зыяны жок элденмин. [Г.М.78-б.]*
*The snake is treated well, offered flour or milk.*
*Harmless, we never hurt even the grass. [К.К.79-б.]*

Семиотикалык белгилерди которуунун төмөндөгүдөй жолдору аныкталды:

| Кыргыз тилинде | Англис тилинде | Которуу жолдору |
|---|---|---|
| *Ак (чачуу)* | *Flour or milk (ун же сүт)* | Конкреттештирүү |
| *Ак чатыр* | *A white table cloth (ак дасторкон)* | Функционалдык алмаштыруу |
| *Ак сүйүү* | *Steadfast love (туруктуу сүйүү)* | Перифрастикалык |
| *Аппак таң* | *A white dawn (ак таң)* | Калькалоо, дескриптивдик |
| *Ак жамгыр* | *Pouring rain (төккөн жамгыр)* | Жалпылаштыруу |
| *Жашыл гүл* | *Fresh flower (жаңы ачылган гүл)* | - Контекстуалдык котормо |
| *Көк бетеге* | *Green grass (жашыл чөп)* | Аналогун табуу, транспозиция |
| *Кызыл кырман* | *Granary full of crops (кырман толо)* | Перифрастикалык |
| *Кара ниет-кара күч* | *Injustice (адилетсиздик)* | Функционалдык алмаштыруу |
| *Сапсары оттой* | *Bright yellow like fire (сапсары оттой)* | Эквивалентин берүү |
| *Саргайып бүткөн сүйүү* | *Faded love (өчкөн сүйүү)* | Функционалдык алмаштыруу |

## КОРУТУНДУ

- Лингвопоэтикалык иликтөө жүргүзүүдө көркөм тексттин татаал структурасы фонетика-фонологиялык, морфологиялык, лексикалык-семантикалык, синтаксистик жана семиотикалык деңгээлдерде изилденип, чыгарманын идеясын ачууда катышкан көркөм сөз каражаттары талдоого алынды. Натыйжада тексттин ар бир элементи, деңгээли өз өзүнчө талдоого алынып, тилдик каражаттар чыгарманын мазмунун түзүүдө кандай катышкандыгы жана аткарган функциялары аныкталып, конкреттүү бүтүндүккө келүү шарты менен бирге котормо категориясын метатил катары алуу аркылуу изилденди.
- Поэтикалык тилдин спецификасын, структуралык-функционалдык өзгөчөлүгүн ачып берүү, тилдик жана экстралингвистикалык факторлордун тийгизген таасирин аныктоо тектеш эмес тилдердеги которуунун аналогдук жана салыштыруу, трансформациялык, сыпаттама, типологиялык-салыштырма, компоненттик анализдөө методдорунун жардамы менен жүргүзүлдү.
- Көркөм поэтикалык чыгармаларды толук кандуу, системалуу изилдеп-үйрөнүү үчүн «чыгармада эмне (мазмун) айтылган жана ошол айтылган мазмун кантип (форма) туюндурулган» деген лингвопоэтикалык принциптердин негизинде ишке ашты. Изилдөөдө поэтикалык тилдеги бирдиктер структуралык, семантикалык, функционалдык өзгөчөлүктөргө ээ экенин эсепке алуу менен,

чыгармаларга жүргүзүлгөн лингвопоэтикалык иликтөө аркылуу лингвопоэтикалык изилдөөнүн системасы аныкталды.

- Котормонун семиотикалык элементтерине талдоо жүргүзүү аркылуу көркөм чыгармадагы сөз каражаттарынын логикалык-предметтик, денотативдик жана коннотативдик маанилери менен бирге коомдун өзгөчөлүгүн, маданиятын, психологиясын, тарыхын камтыган семиотикалык белгилердин котормого тийгизген таасири такталган мисалдар менен изилденди;
- Тилдик жана экстралингвистикалык релеванттуулуктардын өзгөчөлүктөрүн лингво-поэтикалык-котормо категорияларынын негизинде изилдөө аркылуу поэтикалык котормодогу элдин маданиятын, фон маалыматтарын, каада-салтын, ж.б. маалыматтарды камтыган экстралингвистикалык факторлордун мааниси жана окурманга эстетикалык таасир этүүсү каралды;
- Тектеш эмес тилдердеги тилдик бирдиктердин стилистикалык коннотацияларын талдоо түп нускадагы жана котормо тилдеги ыр түзүлүштөрүнүн тилдик спецификалык өзгөчөлүктөрү жана аларды эффективдүү которуу жолдору аныкталды;
- Лингвопоэтиканын негизги компоненттери болуп саналган лингвистикалык, экстралингвистикалык, функционалдык-стилистикалык, семиотикалык факторлордун котормого тийгизген таасирин комплекстүү кароо менен көркөм чыгарманын тилин изилдөө поэзияны которуудагы адекваттуулук деңгээлин жогорулатат.

**Диссертация боюнча жарык көргөн илимий макалалар:**

1. *American and Kyrgyz values and beliefs compared.* American studies in Central Asia//Приложение к журналу “Вестник” МУК. -Бишкек, 2007. -№4. -34-38-б.
2. *Some issues on the translation of poetry from Kyrgyz into English* // “Вестник” МУК. -Бишкек, 2008. -№1 (16). -169-175-б.
3. *Poetry Translation: Linguo-Poetical analysis of T.Adysheva’s poems translated from Kyrgyz into English* // “Кыргызстандагы котормо жана анын келечеги” конференциянын материалдары. –Б., 2008. -115-118-б.
4. *Особенности перевода звукоподражательных единиц в поэзии с кыргызского на английский язык* // “Вестник” КазНУ им. Аль-Фараби. Серия филологическая. -Алматы, 2009. -Вып. №3(119). -178-181-б.
5. *Аллитерация в кыргызской поэзии и в их переводах на английский язык* // “Вестник” БГУ. –Б., 2009. -№16. – 30-34-б.
6. *Poetry in letter writing.* // “Вестник” МУК. –Б., 2009. -№ 1 (18). -207-208-б.
7. *Поэзияны которуудагы семиотикалык көз караш менен талданган котормонун кээ бир аспектилери.* // “Вестник” БГУ. –Б., 2009. № 16. -76-77-б.

**Котормолор:**

1. *Кыздар ай* (Кыргыз акын аялдарынын англис тилине которулган чыгармалары) / Которгон Калиева К.А. /Редактору Симона Пуарей-Бурэ. -Б., «Айат», 2007. - 92 б.
2. *Шамдай жанган сөздөр - Words That Shine Like a Candle.* (Т.Адышеванын англис тилине которулган чыгармалары) / Которгондор: Караева З.К., Калиева К.А. / Редактору Симона Пуарей-Бурэ. –Б., «Айат», 2008. - 64 б.



**Калиева Каныкей Акимовна**

**Кыргыз поэзиясын англис тилине которуудагы лингвопоэтикалык маселелер**

*10.02.20 - тектештирме - тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги* боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** *лингвистика, поэтика, котормо категориялары, стилистикалык каражаттар, функционалдык стилистика, лингвопоэтика, денотация, коннотация, экстралингвистика, семиотика, эстетикалык эффект, когнитивдүү, маданий, тарыхый, релеванттуулук, прагматика.*

**Изилдөөнүн максаты** – лингвопоэтикалык изилдөө аркылуу тектеш эмес тилдердеги көркөм чыгармалардын лингвостилистикалык жана семиотикалык бирдиктерин коннотативдик деңгээлде адекваттуу которууга жетишүү жолдорун табуу; поэтикалык тилдин көркөм чыгармадагы ордун, функционалдык өзгөчөлүгүн жана эстетикалык функциясын ачып берүүнүн жолдорун табуу; экстралингвистикалык релеванттулуктардын функционалдык жана прагматикалык табиятын, өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

**Изилдөөнүн объектиси** – XX кылымдагы кыргыз акын аялдарынын англис тилине которулган (котормочулар Калиева К.А., Караева З.К.) чыгармалары.

**Иштин илимий жаңылыгы** - алгачкы жолу кыргыз аялдар поэзиясын англис тилине коннотативдик деңгээлде которуудагы лингвопоэтикалык маселелер каралып, поэтикалык тилдин тилдик жана функционалдык-стилистикалык өзгөчөлүктөрү изилденип жаткандыгында. Чыгармалардын идеялык-тематикалык маанисин, поэтикалык тилдин эстетикалык таасир этүүсүн ачуу максатында котормолорго лингвопоэтикалык (лингвостилистикалык, семиотикалык, функционалдык-стилистикалык) иликтөөлөрдү жүргүзүүдө; котормодо адекваттуулукка жетишүүдө экстралингвистикалык факторлордун тийгизген таасирин лингвопоэтикалык категориялардын негизинде аныктоодо.

Илимий иш эки главадан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. I – главада “Поэзияны которуунун лингвостилистикалык аспектиси” теориялык жактан да каралып, стилистикалык көркөм сөз каражаттары, тексттеги орду, чыгарманын идеялык маанисин, эстетикалык таасир берүүсүн жеткирүүдөгү аткарган функциясы жана аларды которуу жолдору изилденген.

II – главада “Котормонун экстралингвистикалык, функционалдык-стилистикалык жана семиотикалык аспектиси” каралып, эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүктө көркөм чыгармага жана анын котормосуна лингвопоэтикалык илик жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү, функционалдык-стилистикалык жана лингвосемиотикалык илик жүргүзүү өндүү теориялык жана практикалык маселелери ар тараптуу териштирилип берилген. Экинчи бөлүктө поэтикалык чыгармаларга комплекстүү филологиялык-лингвопоэтикалык анализ жасалган. Корутундуда диссертациялык изилдөөнүн жалпы жыйынтыктары илимий тыянак чыгаруу менен берилди.